Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлигинин буйругуна
тиркеме
«21» сентября 2021 г.
№ 1578/1

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Даярдоо багыты: 710600 - Компьютердик лингвистика**

**Квалификация : бакалавр**

**Бишкек 2021**

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн **710600 – Компьютердик лингвистика** багыты боюнча багыты боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарты "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамга жана билим берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык Кыргыз республикасынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан иштелип чыкты жана Кыргыз Республикасынын Министирлер кабинети аныктаган тартипте бекитилди.

Бул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу бакалаврларды даярдоо боюнча кесиптик билим берүү программаларды ишке ашыруучу бардык ЖОЖдор үчүн менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан милдеттүү болуп эсептелет.

**1.2. Терминдер, аныктамалар, белгилелер, кыскартуулар**

Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында терминдер жана аныктамалар Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасы мүчө болгон эл аралык келишимдерге ылайык колдонулат:

- *негизги билим берүү программасы* - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- *даярдоонун багыты* - ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу даярдоо негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- *профиль* - негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объектти;
- *компетенция* – окуучунун аныкталган бир чөйрөдө майнаптуу жана жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон билими жагынан даярдоого карата алдын ала коюлган социалдык талап;
- *бакалавр* – магистратурага кирүүгө жана кесиптик иш менен алектенүүгө укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификациялык деңгээли;
- *магистр* –аспирантурага жана (же) базалык докторантурага (PhD/профили боюнча) жана кесиптик иш менен алектенүүгө укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификациялык деңгээли;
- *кредит (зачеттук бирдик)* - негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- *окутуунун натыйжалары* - негизги билим берүү программасы /модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.
- *жалпы илимий компетенциялар* - кесиптик иштин бардык түрлөрү (же көпчүлүгү) үчүн жалпы болуп саналган мүнөздөмөлөрдү билдирет: окуу, талдоо жана синтез кылуу ж.б. жөндөмдүүлүк;
- *инструменталдык компетенциялар* – когнитивдик жөндөмдү, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана пайдалана билүү жөндөмдөрүн камтыйт; методологиялык жөндөм, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, окуунун стратегияларын түзүү, чечимдерди кабыл алуу жана проблемаларды чече билүү жөндөмү; технологиялык жөндөм, техниканы пайдалана билүүгө, компьютерди билүүгө жана маалыматтык башкарууга байланышкан жөндөмдөр; лингвистикалык жөндөмдөр, коммуникациялык компетенция;
- *социалдык - инсандык жана жалпы маданий компетенциялар* – **ой-**сезимдерин жана мамилелесин билдирүүгө, сын көз менен ой жүгүртүүгө жана өзүнө баа бере билүүгө байланышкан жеке сапаттар, ошондой эле социалдык өз ара байланыш жана кызматташуу процесстерине, топтор менен иштеше билүүгө, социалдык жана этикалык милдеттенмелерди кабыл алууга байланышкан жөндөмдөр;
- *кесиптик стандарт* - кесиптик иштин конкреттүү түрүнүн чегинде, анын

мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсы уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүү болгон квалификациянын сапаттык деңгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.

### 1.3. Кыскартуулар жана белгилөөлөр

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар колдонулат:

**МББС** - Мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ** - жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП** - негизги билим берүү программасы;
**ОМБ** - окуу-методикалык бирикмелер;
**ЖИК** - жалпы илимий компетенциялар;
**ИК** - инструменталдык компетенциялар;
**СИЖМК** - социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар;
**КК** - кесиптик компетенциялар.

## 2.Колдонуу тармагы

**2.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул **Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - ЖКББ МББС)** 710600-Компьютердик лингвистика бакалаврларды даярдоо багыты боюнча негизги билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын туюндурат жана окутуу, уюштуруучулук-методикалык документтерди иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын аймагында бакалаврларды даярдоонун тийиштүү багыты боюнча лицензиясы бар менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан бардык жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын(мындан ары-жождор) жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет.

**2.2.** Ушул ЖКББ МББСын **710600-Компьютердик лингвистика** багыты боюнча негизги пайдалануучулар төмөнкүлөр болуп саналат:

- жождордун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өздөрүнүн жождорундагы ошол багыт жана даярдоонун деңгээли боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алып, негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуу, натыйжалуу ишке киргизүү жана жаңылоо үчүн жоопту адамдар;
- жождун даярдоонун ошол багытындагы негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жоопту студенттер;
- тийиштүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;
- аткаруу бийлигинин жогорку кесиптик билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышына контролду камсыз кылуучу, жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө сапатка контролду жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары;
- билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу агенттиктер.

**2.3. Абитуриенттердин даярдыгынын деңгээлине талаптар**

2.3.1. "Бакалавр" квалификациясын алуу менен жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли - жалпы орто билим же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билим.

2.3.2. Абитуриенттин жалпы орто билими же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документи болушу керек.

## 3. Даярдоонун багыттарынын жалпы мүнөздөмөсү

**3.1.** Кыргыз Республикасында **710600-Компьютердик лингвистика** даярдоо багыты менен:

-бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББП;

- магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББП ишке ашырылат.

Бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн жождордун бүтүрүүчүлөрүнө "бакалавр" квалификациясын ыйгаруу менен жогорку билими тууралуу диплом берилет.

Бакалаврларды даярдоо багытынын алкагында ЖКББ НББП профилдери жож тарабынан квалификациянын (эгер болсо) тармактык/ сектордук алкактарынын негизинде аныкталат.

**3.2.** Жалпы орто билимдин базасында күндүзгү окутуу формасында бакалаврларды **710600-Компьютердик лингвистика** даярдоо боюнча ЖКББ НББП өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 4 жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Окутуунун күндүзгү-сырткы (кечки) жана сырткы формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган учурларда бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББП өздөштүрүү мөөнөттөрү жож тарабынан күндүзгү окутуу формасында белгиленген ченемдик мөөнөткө карата алты айдан бир жылга көбөйтүлөт.

Тийиштүү профилдеги орто кесиптик билими же жогорку кесиптик билими бар адамдарга бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББП тездетилген программасы боюнча өздөштүрүүгө укук берилет. Тездетилген программаларды ишке ашырууда окуунун мөөнөтү студент билим берүүнүн башка программасы боюнча орто кесиптик билимди жана(же) жогорку билимди алып жаткан учурда айрым дисциплиналар (модулдар) жана (же) айрым практикалар боюнча окутуунун натыйжалары боюнча толук же жарым-жартылай кайра аттестациялоонун(кайра зачет тапшыруунун) жыйынтыгы менен аныкталат.

Орто кесиптик билим берүүнүн профилинин жогорку кесиптик билим берүү профилине шайкештиги жож тарабынан өз алдынча аныкталат.

Күндүзгү окутуу формасында орто кесиптик билимдин базасында бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББП өздөштүрүү мөөнөтү тездетилген пр.ограммаларды ишке ашыруунун алкагында 3 жылдан кем эмес убакытты түзөт

Билим алуунун формасына карабастан жеке окуу планы боюнча окутууда окуунун мөөнөтүн жож өз алдынча аныктайт.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды жеке окуу планы боюнча окутууда жож мөөнөттүү билим алуунун тийиштүү формасы боюнча аныкталган убакытка салыштырмалуу узартууга укуктуу.

Бакалавр жана магистрлерди даярдоо багытында ЖКББ НББПнын билим берүү программасын иштеп чыгуунун башка ченемдик шарттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

**3.3. Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн** жалпы эмгек сыйымдуулугу 240тан кем эмес кредитке барабар.

Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредитке барабар.

Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке барабар.

Бир кредит студенттин окуу ишинин 30 саатына эквиваленттүү (анын ичинде анын

аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча НББПнын, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан учурдагы эмгек сыйымдуулугу окуу жылында 48ден кем эмес кредитти түзөт.

Бүтүрүү жылынын эмгек сыйымдуулугу, НББПнын жалпы эмгек сыйымдуулугун камсыздоосуна карата аныкталат.

**3.4.** ЖКББ НББПнын инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатындагы даярдоонун **710600-Компьютердик лингвистика** багыттары боюнча максаттары: "Гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый илимий билимдердин негиздери жаатында даярдоо, бүтүрүүчүгө тандап алган иш чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү жогорку кесиптик жактан адистешкен (бакалаврдын деңгээлинде) билим алуу, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногундагы туруктуулугуна өбөлгө түзүүчү универсалдуу жана предметтик-адистешкен компетенцияларга ээ болуусу.

3.4.1. ЖКББ НББПнын инсанды окутуу жаатындагы даярдоонун **710600-Компьютердик лингвистика** багыты боюнча максаты болуп: гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый илимий билимдердин негиздери жаатында даярдоо, бүтүрүүчүгө тандап алган иш чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү жогорку кесиптик жактан адистешкен (бакалаврдын деңгээлинде) билим алуу, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногундагы туруктуулугуна өбөлгө түзүүчү универсалдуу жана предметтик-адистешкен компетенцияларга ээ болуп эсептелинет.

3.4.2. ЖКББ НББПнын инсанды тарбиялоо жаатындагы даярдоонун **710600-Компьютердик лингвистика** багыты боюнча максаты болуп: боюнча максаты болуп максатка умтулгандык, уюшкандык, эмгекчилдик, жоопкерчиликтүүлүк, жарандуулук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук, алардын жалпы маданиятын жогорулатуу ж.б. эсептелинет.

**3.5. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү**

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин даярдоо багыты боюнча чөйрөсү **710600-Компьютердик лингвистика**: табигый тилде маалыматтарды берүү, сактоо, кабыл алуу, кайра иштетүү, өзгөртүүлөрдү компьютердик процесстин негизинде жана математикалык ыкманын жардамы менен моделдөөнү жана изилдөөнү өзүнө камтыйт.

**710600- Компьютердик лингвистика** багытынын кесиптик иш-аракеттерине ылайык ар түрдүү профилдерди өзүнө камтый алат.

Бүтүрүүчүлөрдүн билиминин жана жана алынган компетенцияларынын деңгээли кызматкердин квалификациясынын талаптарына ылайык келген шартта алар кесиптик иштин башка тармактарында жана(же) чөйрөлөрүндө кесиптик ишти жүзөгө ашыра алат.

**3.6. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш объектилери.**

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин **710600-Компьютердик лингвистика** багыты боюнча даярдоо объектилерине төмөнкүлөр кирет: табигый тилде (жана кеп(сүйлөө)) менен маалыматтарды которуу максатында, компьютердик жана математикалык моделдөөнүн өзгөчөлүктөрүн изилдөө, текстте калыптанбаган түрүндө камтылган математикалык аппараттардын негизинде калыптанган тил, алгебранын мамилеси жана математикалык статистика, мүмкүнчүлүк теориясы жана окутулуучу чет тилдеринин жана маданий аралык байланыштар теориясы; электрондук маалыматтык системаларынын лингвистикалык компоненттери; чет тилдери жана окутулуучу тилдердин маданий аралык байланыштар ж.б.

**3.7. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин түрлөрү.**

Бакалаврларды даярдоонун **710600 - Компьютердик Лингвистика** багыты боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү:

- Өндүрүш-практикалык жана долборлоо;
- Өндүрүш-башкаруучулук;
- Эксперттик-аналитикалык.

Негизинен бүтүрүүчү даярдалып жаткан кесиптик иштин конкреттүү түрлөрү кызыкдар иш берүүчүлөр менен бирдикте тийиштүү кесиптик стандарттын (эгер болсо)

негизинде же жогорку окуу жайы тарабынан иштелип чыгылчу анын билим берүү программасынын мазмунун аныкташы керек.

**3.8. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин милдеттери.**

**710600 - Компьютердик Лингвистика** багытынын бакалавры өзүнүн кесиптик иш аракетине жараша чечүүсү керек.

**өндүрүштүк-практикалык жана долбоорлоо ишмердүүлүгү:**

- Табигый тилде математикалык моделдерди жана алгоритмдерди үйрөнүү жана билүү, текстти компьютердик долбоорлоо иштелип чыгуучу программалык камсыздоонун архитектурасын аныктоо жана башка түзүмдөрүнүн өзгөчөлүгүн иштеп чыгуу;
- лингвистикалык билимди формалдаштырууда жана лингвистикалык түзүлүштөрдүн процедураларын талдоодо жана синтездөөдө колдонулуучу математика сабактарын билет: көптүк теориясы, математикалык статистика, маалыматтык теория жана коддоо, математикалык логика, математикалык теориялык грамматика;
- окуп жаткан тилде ишкердик баарлашууну эл алдында сүйлөөнү, презентациялоону, эки тараптуу сүйлөшүүлөрдү өткөрүүнү, чогулуш өткөрүүнү, иште кат алмашууну, электрондук байланыштарды жана котормону билет;
- электрондук тилдик ресурстарды өздөштүрүү жана иштеп чыгуу (тексттик корпустар, сөздүктөр, фонетикалык, лексикалык терминдердин электрондук базасы);
- табигый тилдеги ооз эки жана жазуу жүзүндөгү тексттерди автоматтык түрдө иштетүү үчүн түрдүү багыттагы маалыматтык жана интеллектуалдык системаларынын лингвистикалык жана когнитивдик компоненттеринин системасын түзүү жана өздөштүрүү;
- заманбап программа каражаттарын табигый тил илимин иштетүүгө багыттоо;
- колдонмо маселелерди чечүүнү автоматташтыруу жана маалыматташтыруу системалык ыкмасын колдонуу;
- компьютердик лингвистика чөйрөсүндө илимий изилдөө иштери боюнча аннотацияларды, рефераттарды, илимий докладдарды, басмаларды жана библиографияларды даярдоо.

– **өндүрүш- башкаруучулук ишмердүүлүгү:**

- Функционалдык жана технологиялык стандарттардын негизинде маалыматтык процесстерди, ресурстарды жана системаларды, маалыматтык кызматтарды уюштурууга катышуу;
- алынган маалыматтардын сапатын көзөмөлдөөнү уюштуруу.

– **эксперттик-аналитикалык ишмердүүлүгү:**

- колдонмо жана компьютердик лингвистика чөйрөсүндө заманбап изилдөөлөрдүн илимий-техникалык материалдарын чогултуу жана талдоо;
- өндүрүштүк-практикалык максатта лингвистикалык экспертиза өткөрүү;
- жарнама продукттарын жана массалык маалымат каражаттарын оптималдаштырууда катышуу;
- ар түрдүү тексттердин корпустарын жана алардын түзүлүш булактарын процесстерин жана системаларын табигый тилде моделдештирүү (сөздүктөр, тезаурус, эки же көп тилдүү параллель тексттер жана ушу сыяктуулар);
- тилдин абалына жана тил саясатына эксперттик баа берүү.

**4 НББПны ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар.**

4.1 Жождун НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар.

4.1.1 Жождор даярдоонун багыты боюнча НББПны өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат жана жождун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

Жождор НББПны илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, жождо билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөрдө камтылган

сунуш-көрсөтмөлөрдү карманнуу менен 5 жылда бир жолудан кем эмес жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялардын иштелмесинде;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоонун мониторингинде;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү өтүү тартиптеринин иштелмелеринде;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууда;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууда, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлүндө, мунун ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен катар коюп салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдө;

коомчулукту өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, пландары, жаңылоолору тууралуу маалымдоодо.

4.1.2 Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Баалоочу каражаттардын базасы жож тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү аттестациялоого,бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна,көлөмүнө жана түзүмүнө коюлуучу талаптар жождун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобону эске алуу менен аныкталат.

4.1.3 НББПны иштеп чыгууда жожду бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн өзү уюштурууну жана системалык-ишмердик мүнөздөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталуусу керек. Жож жождун социалдык-маданий чөйрөсүн түзүп калыптандырууга, инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү. Жож окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын ишине катышуусун, спорттук жана чыгармачылык клубдарды, илимий студенттик коомдорду кошуп, өнүктүрүүгө көмөктөш болууга милдеттүү.

4.1.4 Жогорку окуу жайынын НББПсы студенттин тандоосу боюнча дисциплинаны түзүүсү керек. Студенттин каалоосу боюнча дисциплиналарды түзүүнүн тартибин жождун окумуштуулар кеңеши аныктайт.

4.1.5 Жож студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

4.1.6 Жож НББПны түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттүүлүктөрү менен тааныштырууга, студенттер тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү болуп эсептелинерин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

**4.2 Студенттин НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар.**

4.2.1 Студенттер студенттин тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чектеринде НББПда алдын ала каралган конкреттүү дисциплинаны тандап алууга укуктуу.

4.2.2 Студент өзүнүн жекече билим берүү траекториясын түзүүдө дисциплинаны тандоо боюнча жождо консультация алуу жана алардын даярдоонун (адистештирүүнүн) болочок профилине таасир этүү укугуна ээ.

4.2.3 НББПны өздөштүрүүдө натыйжалуулукка жетишүү максатында СИЖМКны өнүктүрүү бөлүгүндө студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий

студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.
4.2.4 Студенттер жождун НББПсында алдын ала каралган бардык тапшырмаларды аныкталып белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.
4.3 Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен, жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Жумасына аудиториялык сабактардын күндүзгү окуу формасындагы көлөмү ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын спецификасын эсепке алуу менен мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык аныкталат жана ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдөн 35тен кем эмес пайызды түзөт.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн убакыт, ушул дисциплина боюнча экзаменге берилүүчү убакытты да камтыйт.
4.4 Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудитордук сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан аз болбошу керек.
4.5 Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүнчүлүгү студентке жылына 160 сааттан аз эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.
4.6 Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7 жумадан кем эмес болушу керек, мунун ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес.

## 5 Бакалаврларды даярдоонун НББПсынын талаптары.

### 5.1 Бакалаврды даярдоонун НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжаларына карата талаптар.

Даярдоонун **710600-Компьютердик лингвистика** багыты боюнча бүтүрүүчү НББПнын максаттарына жана ушул ЖКББнын мамлекеттик билим берүү стандартынын 3.4. жана 3.8-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөндөгү компетенцияларга ээ болушу керек:

***а) универсалдык:***

***жалпы илимий (ЖИК):***

- курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдерди баалоого, жашоо, маданият баалуулуктарына багытталууга жана граждандын активдүү позицияны кармоого, адамдарды сылоого жана аларга толерантуулукту көрсөтүүгө жөндөмдүү (ЖИК-1)

***- инструменталдык (ИК):***

- Мамлекеттик, расмий жана башка кесиптик чөйрөсүндө жана окуусунда колдонулуучу бир чет тилинде кесиптик баарлашууга жөндөмдүү (ИК1);
- Маалыматтык технологияларын колдонуп, иш чөйрөсүндөгү татаал маселелерди чечүү үчүн, жаңы билимди алууга жана колдонууга жөндөмдүү; (ИК-2);

***- социалдык- инсандык жана жалпы маданий (СЖМ):***

- Бөлөк бир адамдын же адамдардын тобунун кесиптик иш-аракеттериндеги максаттарга жетүүнү камсыздоого жөндөмдүү (СЖМ-1);
- ***б) кесиптик компетенциялар(КК)***
- Бүтүрүүчү төмөнкү профессионалдык компетентцияга ээ болууга тийиш (ПК):
- ***Өндүрүштүк –практикалык жана долборлоо ишмердиги:***
- Чет тилинде профессионалдуу баарлашуунун негизги жолдорун, маданий аралык байланыштарды жана чет тилиндеги тексттер менен иштөөнү билет (КК-1);
- колдонмо жана компьютердик лингвистика чөйрөлөрүндө иштеп чыгарууларга катыша алат жана лингвистикалык берилмелерди автоматтык иштетүүнүн жыйынтыктарын которо алат (КК-2);
- лингвистикалык билимди формалдаштырууда, талдоо процедураларында жана лингвистикалык түзүлүштөрдө колдонулуучу математика сабактарын билет: көптүк теориясы, математикалык статистика, маалыматтык теория жана коддоо, математикалык логика, математикалык теориялык грамматика; (КК-3);
- тТабигый тилдеги ооз эки жана жазуу жүзүндөгү тексттерди автоматтык иштетүүгө багытталган ар түрдүү маалыматтык жана интеллектуалдык системалардын лингвистикалык жана когнитивдик компоненттерин түзө жана өркүндөтө алат (КК-4);

- желени түзүүнүн, желелердеги процесстердин иерархия моделдеринин негизги этаптарын ишке ашыра алат жана желени башкаруунун технологиясын колдоно алат (КК-5);
- процедуралык жана объектүү-багытталган программалоо тилдерин жана долбоорлоо технологияларын билет(КК-6);
- моделдөөнү жана түзүүнү талап кылган, табигый-илимий маселелерди чечүүнүн заманбап ыкмалары, компьютердик прогаммалары түрүндө иштеп чыга алат жана аны ишке ашыра алат (КК-7);
- лексикографиялык маалыматтарды автоматтык системаларында иштете алат, кесиптик компетенцияларынын чегинде электрондук сөздүктөрдү жана башка лингвистикалык маселелерди чечүүдө электрондук ресурстарды иштеп чыгууга катыша алат (КК-8);

***уюштуруу-башкаруучулук ишмердүүлүгү:***

- маалыматтык процесстерди, ресурстарды жана системаларды, маалыматтык кызматтарда функционалдык жана технологиялык стандарттардын негизинде уюштура жана башкара алат (КК-9);
- аткаруучулардын ишин уюштура алат жана кичине коллективдин ишин уюштуруу чөйрөсүндө башкаруучулук чечимдерди таап жана аны кабыл ала алат.(КК-10);

***эксперттик-аналитикалык ишмердүүлүгү:***

- лингвистикалык экспертизаны жүргүзүү ыкмаларын билет жана тил саясаты жаатында сунуштарды иштеп чыгарууга жана аны аткарууга жөндөмдүү (КК-11);
- табигый тилди талдоонун жана синтездөөнүн долбоорлоо системдери үчүн лингвистичкалык технологияларды, анын ичинде электрондук истемдердин интеллектуалдык жана маалыматтык лингвистикалык компоненттерин колдоно алат (КК-12).

Профиль атайын 5тен кем эмес кошумча кесиптик компетенциялар менен жож тарабынан өз алдынча аныкталат.

Кошумча кесиптик компетенциялар кесиптик стандарттардын улуттук квалифкацияларынын, тармактык/сектордук квалификацияларынын чектеринин негизинде аныкталат.

### 5.2 Бакалаврды даярдоочу НББП түзүмүнө талаптар

**710600 Компьютердик лингвистика** багыты боюнча НББПнын бакалаврларын даярдоонун түзүмүнө төмөнкү блоктор кирет:

**Блок 1 " Дисциплиналар (модулдар)"**

**Блок 2 "Практика"**

**Блок 3 " Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация".**

КР ББжИМ тарабынан сунушталган жана КР Министрлер Кабинети бекиткен НББПнын бакалаврларын даярдоонун түзүмү 1-таблицада келтирилген. 1-таблица

**КР ББжИМ тарабынан сунушталган жана КР Министирлер кабинети бекиткен НББПнын түзүмү**

| Бакалаврларды даярдоодогу НББПнын түзүмү | | Бакалаврларды даярдоодогу НББПнын жана анын блокторунун кредиттердеги көлөмү |
|---|---|---|
| Блок 1 | I. Гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл<br>II. Математикалык жана табигый илимдердин цикли<br>III. Кесиптик цикл | 30-35<br>20-30<br>115-150<br>165-215 |
| Блок 2 | Практика | 15-60 |
| Блок 3 | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | 10-15 |
| Бакалаврларды даярдоо үчүн ЖКББ НББПнын көлөмү | | 240 |

Жож мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык бакалаврларды

даярдоо үчүн НББПны иштеп чыгат жана улуттук квалификациянын алкактарына ылайык окуу натыйжаларына жетишүү үчүн жооп берет.

Дисциплиналардын (модупдардын) топтомун жана алардын бакалаврды даярдоодогу НББпнын ар бир блогуна тиешелүү эмгек сыйымдуулугун жож улуттук квалификациянын алкактарыдда каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндо анын оздоштүрүүнүн талаптарын эске алуу менен ушул блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча аныктайт.

5.2.1. Бакалаврларды даярдоо НББП төмөнкүлөрдү ишке ашырууну камсыздашы керек:

-гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдин милдеттүү дисциплиналарын, алардын тизмеги эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат. Аталган дисциплиналардын мазмуну жана ишке ашыруу тартиби бакалаврды даярдоонун тиешелүү багыты боюнча ЖКББ мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет;

- кеминде 360 саат көлөмүндө дене тарбия жана спорт боюнча дисциплиналарды, алар өздөштүрүү үчүн милдеттүү болуп саналат, бирок кредиттерге которулбайт жана бакалаврды даярдоодогу НББПнын көлөмүнө киргизилбейт.

5.2.2. "Практика" 2 блогу окуу практикасын, компьютердик жана өндүрүштүк практикасын (долбоордук, педагогикалык, илимий-изилдөө иштери) камтыйт.

Жож бир же бир нече типтеги практиканы тандоого укуктуу, ошондой эле белгиленген кредиттердин чсгинде кошумча типтеги практиканы белгилей алат.

5.2.3. "Мамлекеттик аттестация" 3-блогу мамлекеттик экзаменди тапшырууга даярдыкты жана тапшырууну, бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткарууну жана аны жактоону (эгерде жож бүтүрүүчү квалификациялык ишти жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына киргизген болсо) камтыйт.

5.2.4. Бакалаврларды даярдоодогу НББП алкагында милдеттүү жана элективдүү бөлүк болот.

Бакалаврларды даярдоодогу НББПнын милдеттүү бөлүгүнө улуттук квалификациянын алкактарынын деңгээлдерин эске алуу менен жалпы илимий, универсалдуу, социалдык инсандык жана жалпы маданий жана кесиптик компетенциялардын калыптанышын камсыз кылуучу дисциплиналар жана практикалар кирет.

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албаганда, милдеттүү бөлүктүн көлөмү бакалаврды даярдоодогу НББПнын жалпы көлөмүнөн 50 пайыздан ашпоого тийиш.

Бакалаврды даярдоодогу НББПнын элективдүү бөлүгүндө студенттер тиешелүү багыт боюнча дисциплиналарды тандай алышат, ошондой эле башка багыттагы бакалаврларды даярдоодогу НББПнын дисциплиналарын тандоого жол берилет.

5.2.5. Жож ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) ден соолугунун абалы боюнча окууга каршы көрсөтмөлөр каралган НББПдан тышкары, бакалаврды даярдоодогу НББП боюнча окууга мүмкүнчүлүк берүүгө тийиш, анда алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү, жеке мүмкүнчүлүктөрү эске алынат жана зарыл болгон учурда аталган адамдардын өнүгүүсүн бузулушун түзөтүүнү жана социалдык көнүгүүсүн камсыз кылат.

**5.3. Бакалаврларды даярдоонун НББПсын ишке ашыруунун шарттарына карата талаптар.**

5.3.1. Окуу процессин кадрлар менен камсыз кылуу**.**

Бакалавтриаттын НББПсын ишке ашыруу, окутулуп жаткан дисциплинанын профилине ылайык келүүчү базалык билими бар жана илимий жана (же) илимий-методикалык иш менен системалуу алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек.

Атайын дисциплиналардын окутуучуларынын, илимдин кандидаты кандидаты же доктору окумуштуулук даражасы жана (же) тийиштүү кесиптик чөйрөдө иш тажрыйбасы болушу керек.

Илимдин кандидаты же доктору деген окумуштуулук даражасы бар окутуучулар берген сабактардын, окуган лекциялардын үлүшү жалпы сабактардын санынан 40 пайызын түзүшү керек (лицензиялык талапка ылайык).

5.3.2. Окуу процессин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыз кылуу.

Бакалаврларды даярдоонун НББПсын ишке ашыруу ар бир студенттин маалыматтар базасына жана негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеги боюнча түзүлгөн китепканалык фонддорго жетишиши аркылуу камсыз кылынуусу керек. Жождун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуу менен аныкталат) камтуусу зарыл.

Ар бир окуучу негизги билим берүү программасы боюнча билим берүү программасына кирген кесиптик циклдин ар бир сабагы боюнча бир окуу жана окуу усулдук басылып чыккан же электрондук 5тен кем эмес окуу куралы менен камсыз болуусу зарыл.

1. Computer Bild 2006-наст.время
2. HARD'n' SOFT 1994-наст.время
3. Linux Format 2005-наст.время
4. Компьютер и мир
5. SIAM Journal on Applied Mathematics. Society for Industrial on Applied mathematics.

*IT-технологияларыны өнүгүү деңгээлине жараша кошумча адабияттардын тизмеси Internet-булактарындагы сайттардан да түзүлөт:*

| КЭМБ БОЮНЧА САЙТТАР: | Чет өлкөлүк сайттар: |
|---|---|
| http://window.edu.ru/window_catalog | http://www.doaj.org |
| http://fmi.asf.ru/Library/Book. http://itteach.ru | http://www.securitylab.ru |
| http://intuit.ru | http://www.chem.msu.ru/../licenced |
| http://www.vss.nlr.ru | http://www.spsl.nsc.ru/win/nelbib/ej_zar |
| http://guides.rusarchives.ru | http://www.kit-e.ru/ |

**5.3.3. Окуу процессин материалдык- техникалык жактан камсыз кылуу.**

Бакалаврларды даярдоодогу НББПны ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү зарыл болгон материалдык- техникалык камсыздоонун төмөнкүдөй тизмеси көрсөтүлөт:
окуу лабораториялары жана заманбап жабдыктар менен атайын жабдылган аудиториялар;
филиалдардагы заманбап жабдыктар жана приборлор менен атайын жабдылган лабораториялар.

Бул лабораторияларда төмөнкү дисциплиналар боюнча лабораториялык иштер жүргүзүлөт: информатика, маалымат технологиялары жана автоматташтырып долбоорлоо, инженердик графика, лингофондук кабинет, Бакалаврларды даярдоонун НББПны ишке ашыруучу жождун лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттердин жождун окуу планында алдын ала каралган жана да аракеттеги санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен нормаларга ылайык келчү практикалык жана илимий-изилдөөчүлүк иштеринин бардык түрлөрүн жүргүзүүнү камсыз кылуучу материалдык-техникалык базасы болуусу керек.
Жабдыктарды виртуалдык аналогдору менен алмаштырууга уруксат берилет.

Студенттер жождун электрондук ресурстарына жана студенттерди даярдоонун НББПсына аралыктан мүмкүндүк менен камсыз болушу керек.

5.3.4. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо.

Жогорку окуу жайы бүтүрүүчүлөрдүн даярдоо сапатынын кепилдигин камсыз кылууга милдеттүү. НББПын өздөштүрүү сапатын баалоого жетишүүчүлүктү күндөлүк текшерүү, окуучуларды аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо кирет.

Ар бир дисциплина боюнча билимин күндөлүк жана аралык текшерүүнүн конкреттүү формалары жана процедурасы ЖОЖ тарабынан өз алдынча иштелип чыгат

жана окуунун биринчи айында окуучуларга маалымат берилет.

Билим алуучунун аныкталган НББП нын этаптык талаптарына ылайык келүүчү жеке ийгиликтерин аттестациялоо(күндөлүк текшерүү, окуучуларды аралык аттестациялоо) үчүн типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, тесттерди жана башка текшерүү ыкмаларын камтыган, билимин, жөндөмдүүлүгүн жана алган компетенцияларынын деңгеелин аныктоого мүмкүнчүлүк берүүчү баалоо каражаттарынын фонддору түзүлөт. Баалоо каражаттарынын фонддору ЖОЖ тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жетишүүчүлүктү күндөлүк текшерүү жана окуучуларды аралык аттестациялоо программаларын алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнө максималдуу жакындатуу үчүн шарттар ЖОЖ тарабынан түзүлүүсү зарыл, ал үчүн конкреттүү дисциплинанын окутуучуларынан бөлөк аралык дисциплиналарды окутуучу мугалимдерди, жумуш берүүчүлөрдү ж.б. тышкы эксперт катары активдүү тартуу керек.

Билим алуучуларга окуу процессинин мазмунун, уюштурулуусунун жана сапатын баалоо мүмкүнчүлүгү берилиш керек.

«Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация» өзүнө мамлекеттик экзамендерди тапшырууну, бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишин аткаруу жана коргоону камтыйт.

Бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишинини мазмуну, көлөмү жана түзүлүшү жана мамлекеттик экзамен (эгер болсо) жож тарабынан аныкталат.

**710600 - Компьютердик лингвистика** багыты боюнча стандарт Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети (КМКТАУ) ЖОЖдун базасында курулуш жана архитектура аймагы боюнча Окуу- методикалык бирикмеси тарабынан иштелип чыккан.

**ОМБ нин төрагасы,** Н. Исанов ат. КМКТАУнун
биринчи проректору, т. и. к., доцент — Т. Т. Саткыналиев

**Түзгөндөр:**

Секциянын жетекчиси, "Компьютердик лингвистика жана маданий аралык коммуникациялар" кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент КМКТАУ — Жумалиева Г.Э.

Ч.Айтматов атындагы Тил илими жана адабияты институтунун директору — Акматалиева А.А.

ф.и.к., "Компьютердик лингвистика жана маданий аралык коммуникации" кафедрасынын доценти — Карабаева С.Ж.

**Тиркеме 1**

**710600-Компьютердик лингвистика** *багыты* боюнча бакалаврларды даярдоонун ЖКББ НББП сынын түзүлүшү

| НББП ДЦнын коду | **Окуу циклдери жана аларды өздөштүрүүнүн долбоорлонгон жыйынтыктары** | **Эмгек сыйымдуулугу кредиттер** | **болжолдуу программаларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын иштеп чыгуу үчүн дисциплиналардын тизмеси** | Түзүлүүчү компетенциялардын коддору |
|---|---|---|---|---|
| | **1 блок** | | | |
| **Б.1.ГСЭ** | **Цикл I. Гуманитардык жана социалдык-экономикалык цикл** | **30-35** | | |
| | **Милдеттүү бөлүгү** | **25-28** | | |
| | Циклдин базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн жыйынтыгында студент билүүгө тийиш:<br>**билүү:**<br>- лексикалык бирдиктердин жана сөз жасоо моделинин негизги сөз айкаштарынын модели; максатка жараша ар кандай деңгээлдеги тил каражаттарына мүнөздүү материалдарды аң сезимдүү тандап алууга жетиштүү.<br>- негизги тарыхый окуяларды, Кыргызстандын тарыхый инсандарынын ролу, тарых илиминин булактары жөнүндө кабардар болуу жана аны менен иштей билүү; маданият жана каада-салттардын тарыхы жана анын дүйнөлүк маданиятта жана цивилизацияда ээлеген орду;<br>- философиялык негизги концепциянын мазмунун, анын өзгөчөлүгү, маданиятта, илимий жана ааламдын диний сүрөттөрүндөгү мааниси, багыты жана адам баласынын жашоо маңызы; философия илиминин пайда болушу жана өрчүшү, таанып билүү теориясынын тарыхый маселелери, адамзат цивилизациясынын нравалык жана ааламдашуу жөнүндөгү илимий көз караштардын усулу жана принциптери;<br>- «Манас» эпосунун жаралыш мезгили | | Кыргыз тили жана адабияты<br><br>Орус тили<br><br>Чет тили<br><br>Кыргызстан тарыхы<br>Манастаануу<br><br>Кыргызстан географиясы<br><br>Философия | ИК-1<br>СЖМ-1,2<br><br>ИК-1<br>СЖМ-1,2<br><br>ИК-1<br>СЖМ-1,2<br><br>ЖИК-1,2<br><br>СЖК-1,2<br><br>ЖИК-1,2<br><br>ЖИК-1<br>СЖМ-1,2 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жана өнүгүү тарыхын, эпостун варианттарын жана феноменалдуулугун билүү. Манас таануу сабагынын илим катары өнүгүшү;<br>- Кыргызстандын географиялык абалынын негизги өзгөчөлүктөрү (жаратылыш шарттары, ресурстары, климаты, жер кыртышы ж.б.), рационалдуу жаратылышты пайдалануунун принциптери.<br>**үйрөнүү:**<br>- тарыхый илимдин негизинде маданият жетишкендиктерин баалай билүү, алардын уюштуруу жолдорун түшүнүү жана баалай билүү, тарыхый окуялардан сабак алуу жана жыйынтык чыгаруу, тарыхый жана маданий баалулуктарга урмат менен мамиле жасоо;<br>- социалдык саясий жана тарыхий адабияттарды талдай билүү, ошондой эле өлкөдөгү, чет өлкөдөгү коомдук өнүгүүнүн учурдагы көйгөйлүү маселелерин өз алдынча баалай билүү;<br>- философтордун жана бул маселеге өзгөчө көңүл бурган адамдардын дүйнө таанымына тийиштүү болгон принципиалдык суроолорунун үстүндө ой жүгүртүү жана аларды өз алдынча талдоо;<br>- өз оюн туура, аргументтүү түшүндүрүү (оозеки жана жазуу түрүндө) (анын ичинде чет тилинде да);<br>- «Манас» үчилтигиндеги образдардын системалуулугун, сюжеттик түзүлүшүн, эпостогу баатырдык жана патриоттук мотивдерин анализдеп баалоо. Кыргыздардын жана Кыргызстандагы башка эпостордун жашоосундагы үчилтиктин ордун жана ролун түшүнүү, эпостун идеялык-эстетикалык мазмуну.<br>- география илими жаатынан алынган маалыматтарды өз ишмердүүлүктүн жүрүшүндө талдоо ;<br>**көндүм:**<br>- тарыхый талдоонун жана изилдөөнүн ыкмаларын колдонуу;<br>- коомдогу көйгөйлүү маселелерди кароодо философиялык ой жүгүртүүнүн ыкмаларын колдоно | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | билүү;<br>- өз көз карашынды кат түрүндө аргументтүү билдирүү;<br>- көпчүлүктүн алдында сүйлөө менен, аргументация, талдоолорду жүргүзүүнү, полемика түзүүнү, логикалык ой жүгүртүүнү колдоно билүү;<br>- ар кайсы түрдөгү негизги кесиптик ишмердүүлүккө тийиштүү болгон кесиптик-ориентациялык тексттерди которуу, чет тилдердин биринде сүйлөй билүү;<br>- «Манас» эпосу жөнүндө толук маалымат жана аны оозеки түрдө жеткирүүнү колдоно билүү;<br>- Кыргызстандын экономикалык жана социалдык географиясы боюнча илимий адабияттар менен өз алдынча иштөө ыкмаларына ээ болуу | | | |
| | **Элективдүү бөлүмү** | **5-7** | *Жож аныктайт* | |
| **Б.1.2 МТТИ.** | **Цикл II. Математикалык жана табигый так илимдер цикли** | **20-30** | | |
| | **Милдеттүү бөлүгү** | **15-20** | | |
| | Циклдин базалык бөлүгүн үйрөнүнүн натыйжасында студент:<br>Билүү*<br>- - математикалык статистиканы, теорияны, дифференциалдык теңдемени, дискреттик математиканы, математикалык анализди, аналитикалык геометрияны, сызыктуу алгебраны кошуп, жогорку математиканын фундаменталдык негизин;<br>- информатиканын негизги түшүнүктөрүн, маалыматтар процесстерин ишке ашыруучу программалык каражаттар жана техникаларды, алгоритимдик тилдин негизин жана программа түзүү технологиясын;<br>берилиштер менен иштөө: алдыга коюлган маселени чечүү үчүн кандай берилиштер керек экендигин түшүнүү, лингвистикалык жана башка берилиштер өз ара кандай байланышта, аларды кайдан алууга болот, лингвистикалык берилиштердин автоматтык түрдө кайра иштетилген жыйынтыктарын интерпретациялоо; | | Математика<br>Маалыматтык технологиялар<br><br>Колдонмо лингвистиканын негиздери | жик-1<br>жик-2<br><br>жик-1<br>жик-4<br>жик-6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | заманбап маалыматтык жана маданияттык бибилиографиянын негиздерин, атайын адабияттан, справочныйдан жана компьютердик тармактардан маалыматтарды издөөнү ишке ашыруу<br>автоматтык сөздүктөр менен иштөө теориялык, компьютердик жана колдонмо лингвистиканын актуалдуу багыттарынын методдорун, тилдик берилиштердин айрыкча программисттик, менеджердик, эксперттик кайрадан иштеп чыгуу процессинин түзүмүн долбоорлоо, ж.б.<br>**Үйрөнүү:**<br>- математикалык усулдарды жана моделдерди прфессионалдык деңгээлде кабыл алуу, өзүнүн математикалык билимин кеңейтүү.<br>- Персоналдык компьютерде иштөө, операциялык системаны жана офисттик тиркемелердин негизин колдонуу.<br>- маалыматты кайра иштеп чыгуунун негизги түрлөрү жана процедуралары, маалыматтарды иштеп чыгуудагы маселелерди чечүү методдору жана моделдери<br>- англис тилиндеги формалдуу жана формалдуу эмес баарлашууга, жазуу жана оозеки коммуникацияга тиешелүү болгон грамматикалык формалар жана конструкциялар<br>- негизги машиналык котормо программалары жана алар менен иштөөнү<br>**көндүм:**<br>- профилдештирүүнүн (тармакташтыруунун) атайын жана жалпы инженердик дисциплинасынан негизги методдор жана баштапкы машыгуулар менен математикалык тапшырмаларды чыгаруу<br>маалыматтарды иштөө үчүн заманбап компьютерди практикалык колдонуу усулдары менен жана саноо усулдарынын негиздери менен кесиптик деңгээлдеги тапшырмаларды чыгаруу.<br>- маалыматты кайра иштеп чыгуунун негизги түрлөрү жана процедуралары, маалыматтарды иштеп чыгуудагы маселелерди чечүү методдору жана моделдери | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - негизги машиналык котормо программалары жана алар менен иштөөнү | | | |
| | **Элективдүү бөлүмү(***билүү, үйрөнүү жана көндүм: жождун НББП менен аныкталат***)** | **5-10** | | |
| **Б. 2.К.** | ***Кесиптик цикл*** | **115-150** | | |
| | **Милдеттүү бөлүмү** | **40-45** | | |
| | Циклдин базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында бакалавр:<br>**Билүү:**<br>- маалымат процесстеринин, система жана технологиялардын, маалымат анализинин системдеринин ыкмаларын, долбоорлук чечимдерди сунуштоонун моделдеринин маалымат системдеринин конфигурацияларынын түзүлүшүнүн курамын жана касиетин.<br>- графикалык системдердин аппарат-программалык модулдарынын ишке ашырылышын; базалык графиканы; мейкиндик графикасын; компьютердик графиканын заманбап стандарттарын; графикалык баарлашуу системдерин; интерактивдүү графикалык системдерди колдонуу;<br>-маалыматтык технологияларынын жана информатиканын теоретикалык негиздерин, заманбап компьютердик техниканы колдонуунун принциптерин жана маалымат алуу, кайра иштетүү жана башкаруу каражаты катары компьютерде иштей билүү жөндөмдүүлүгү;<br>- Аспаптык каражаттардын түзүлүшү жана курамы, алардын өнүгүү тенденциялары (операциялык системалар, программалоо тилдери, техникалык каражаттар);<br>- программалоо технологияларынын базалык концепциялары, принциптери; программалык продукт түзүүнүн принциптери жана негизги этаптары,абстракция, адистештирүү жана ишке ашыруу арасындагы өзгөчөлүк, маалыматтын конфиденциалдуулугу, кайталап колдонуу, кошуу көйгөйлөрү, масштабдоо, өзгөртүүлөрдү эске алуу менен долбоорлоо, классификациялоо, макулдашуу<br>-маалыматтар базасынын теориясынын | | 1. Компьютердик лингвистикага киришүү<br>2.Берилмелер базасы<br>3.Заманбап оперативдик ситемдер жана системдик программалоо<br>4. Програмдоо жана веб колдонмолорду колдоо<br>5. Компьютердик желелер жана системдер<br>6. Табигый тилди автоматтык иштетүү<br>7,Кесиптик чет тили<br>8. Кептик информатика<br>9. Компьютердик жана ишкердик англис тили | КК-2,КК-4<br>КК-4,7,12<br>КК-6,7,9<br>КК-2,7,9<br>КК-5,6,9<br>КК-7,8.,12<br>КК-1,ИК-1<br>КК-6,11,12<br>КК-1,ИК-1 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | негизги жоболору, маалыматтарды сактоочу, маалыматтарды көрсөтүүчү, илим базасы, маалыматтын концептуалдык, логикалык, физикалык моделдери;<br>- маалыматты кайра иштеп чыгуунун негизги түрлөрү жана процедуралары, маалыматтарды иштеп чыгуудагы маселелерди чечүү методдору жана моделдери;<br>- кыргыз тилинин жана үйрөнүп жаткан (англис) тилинин өнүгүшүндөгү фонетикалык, лексикалык, сөз жасоо кубулуштарынын жана морфологиялык, синтаксисттик өзгөчөлүктөрү жана мыйзам ченемдүүлүгү;<br>- тилдин функционалдык стили, подстили жана алардын өзгөчөлүк мүнөздөмөсү;<br>- англис тилиндеги ар түрдүү сөз түркүмдөрүнүн категориялары, грамматикалык формалары жана алардын мааниси;<br>- англис тилиндеги формалдуу жана формалдуу эмес баарлашууга, жазуу жана оозеки коммуникацияга тиешелүү болгон грамматикалык формалар жана конструкциялар;<br>- заманбап англис тилинин кептик этикетинин эрежелери;<br>-котормого киришүүнүн теориялык негиздери (коммуникативдик-прагматикалык факторлор, лексика-семантикалык жана грамматикалык котормо трансформациялары жана алардын колдонулуш эрежелери ж.б.);<br>- маалымат тармактарынын моделдери жана түзүлүшү; тармактардын маалыматтык ресурстары;<br>-заманбап маалымат тармактарынын теоретикалык негиздери;<br>- негизги машиналык котормо программалары жана алар менен иштөөнү билүү;<br>- текстти (жазуу жана оозеки) автоматтык кайра иштетүүнүн түзүлүш системасынын негизги принциптери;<br>-анализ жана синтез системаларынын түзүлүшү;<br>- текстти автоматтык түрдө кайра иштетүүнүн баскычтары жана деңгээлдери; | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - графематикалык, морфологиялык, синтаксисттик анализдерди түзүү (табигый тилдин бир модели үчүн);<br>-табигый тилди автоматтык түрдө кайра иштетүүнүн заманбап системасынын практикалык мүмкүнчүлүктөрү.<br>- жасалма интеллектин технологиясынын теориясын (эксперттик системалардын математикалык сүрөттөлүшү, логикалык жыйынтык, жасалма нейрондук тармактар, эсептик-логикалык системалар, генетикалык алгоритмдер менен системалар, мультиагонттук системалар);<br>**аткара алуу керек:**<br>- маалыматтык логикалык, функционалдык жана обьектке багытталган маалыматтык системалардын моделдерин, маалыматтык системалардын берилиштеринин моделдерин иштеп чыгууну;<br>- негизги методдору, маалыматты кайра иштетүү, сактоо жана кабыл алуу каражаттары, жана берилиштер базасы жана илим менен бөлүштүрүлгөн прототиптерди программалоо;<br>- берилиштер менен иштөө: алдыга коюлган маселени чечүү үчүн кандай берилиштер керек экендигин түшүнүү, лингвистикалык жана башка берилиштер өз ара кандай байланышта, аларды кайдан алууга болот, лингвистикалык берилиштердин автоматтык түрдө кайра иштетилген жыйынтыктарын интерпретациялоо;<br>- эксперттик системалардын интеллектуалдык системасынын колдонмо суроолорун чечүү;<br>- жазуу жана оозеки которуу жөндөмдүүлүгүн лексикалык эквиваленттердин, грамматикалык, синтаксисттик жана стилистикалык нормаларын сактоо менен англис тилинде колдоно билүү;<br>-заманбап маалыматтык жана маданияттык бибилиографиянын негиздерин, атайын адабияттан, справочныйдан жана компьютердик тармактардан маалыматтарды издөөнү ишке ашыруу жөндөмдүүлүктү;<br>- тармактарды түзүүнү ишке | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ашыруунун негизги этаптарын; тармактардагы процесстердин моделдеринин иерархиясын, тармактардагы маалымат алмашууну башкаруу технологиясын.<br>**пайдалана билүүсү:**<br>- процедуралык жана объективдүү багытталган программалоо тилдерин;<br>- негизги кесиптик жана адистик дисциплиналар боюнча долбоорлоо технологиясын, анализдөөнү билүү, долбоорлоону ишке ашыруу, коомдо кабыл алынган кептик этикет менен баалоо;<br>-автоматтык сөздүктөр менен иштөө;<br>-чет тилиндеги кесиптик баарлашууларга катышуу; маданий аралык баарлашуу жөндөмдүүлүгү жана англис тилиндеги тексттер менен иштөө.<br>- тексттин/дискурстун заманбап автоматтык кайра иштетүү технологияларын;<br>- табигый тилдин грамматикалык, лексикалык, фонетикалык элементтерин автоматтык кайрадан иштетүү боюнча илим системаларын;<br>- теориялык, компьютердик жана колдонмо лингвистиканын актуалдуу багыттарынын методдорун, тилдик берилиштердин айрыкча программисттик, менеджердик, эксперттик кайрадан иштеп чыгуу процессинин түзүмүн долбоорлоо, ж.б. | | | |
| | **Элективдүү бөлүмү(***билүү, үйрөнүү жана көндүм: жождун НББП менен аныкталат***)** | **75-100** | ***ЖОЖ аныктайт*** | |
| | Дене тарбия | **360** | | |
| **2.Б.** | **Практикалар**<br>**П.1** Окуу практикасы<br>**П.2** Өндүрүштүк практика<br>**П.3** Квалификация алдындагы прак<br>**П.4** Изилдөө практикасы | **10-30** | ***ЖОЖ аныктайт*** | |
| | | | | |
| **Б.3 МА** | **Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация** | | ***ЖОЖ аныктайт*** | |
| **МА.1** | Дисциплина аралык "Кыргыз тили жана адабияты", " КР тарыхы", "КР географиясы " б-ча мамлекет жыйынтыктоочу аттестация | **-** | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **МА.2** | Профиль боюнча экзамен | **10-20** | | |
| **МА.3** | Бүтүрүүчү квалификациялык ишти даярдоо жана коргоо | | | |
| | | | | |
| | *НББП жалпы эмгек сыйымдуулугу* | **240** | | |